**Бишкек шаары**

**Биринчи май району**

**№27 жалпы билим берүүчү орто мектеби**

# *Мамлекеттик тил усулдук бирикмеси*

## *Тема: Жамийла повестинин мазмуну*

Мугалим: Шабданова А.А

2017-2018

Бишкек шаарынын №27 жалпы  билим берүү
орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты мугалими
Шабданова Айзада Ашымовнанын
ачык сабагынын планы

Сабактын максаты:___Чыгарманын мазмунун билүү аркылуу башкы каармандын образын талдап ,мүнөздөмө бергенге үйрөтүү.

Ой жүгүртүүгө ,сын-пикир айтууга ,оозеки кебин өстүрүүгө ,мамлекеттик тилде туура сүйлөөгө үйрөтүү.

Жашоодо туура чечим кабыл алып , өз бактысы үчүн күрөшүүгө үндөө.

Сабактын тиби:  Бышыктоо сабагы.

Сабактын формасы:  Жекече иштөө, топтор менен иштөө.

Сабактын жабдылышы:  “Жамийла” көркөм фильминен үзүндү буклет, тексттин фрагменттери , инсанды аныктоо баракчасы, маркер.

Сабак  аралык  байланыш: Кыргыз тили, орус адабияты.

Сабактын жүрүшү:

“Жамийла”-дүйнөдөгү махабат жөнүндөгү эң сонун баян”.

( Луи Арагон )

1.Жогорудагы сөз доскага илинет .

2.Досканын бир тарабында ОТК ,буклет,

3.Эки топ үчүн алдын ала парталар даярдалып коюлат.

4.Топтор үчүн топтун аттары даярдалып ,ар бир столго коюлат.

1.Сабакты уюштуруу иштери:

А) Саламдашуу.

Б) Гимнди ырдатуу.

В) Окуучуларды сабакка даярдоо.

Г) Үйгө берилген тапшырманы  текшерүү.

Үйгө “Жамийла” повестин окуп мазмунун түшүнүп келүү тапшырмасы берилген.

“Жамийла” повестинин негизинде тартылган “Жамийла”көркөм фильминен үзүндүлөр көрсөтүлөт.

Окуучулар эки вариантка бөлүнүп тестти толтурушат,өзүн-өзу текшерүу же бири-бирин текшерүү жүргүзүлөт.Окуучулар тарабынан баллдар коюлуп ,кийинки баскычын мугалим текшерет.

3) Балдар,биздин бүгүнкү темабыз :”Жамийланын образын талдоо”

Бүгүнкү сабагыбызда биз текст менен иштөө аркылуу ,инсанды аныктоо баракчасын толтуруу аркылуу Жамийланын образын талдайбыз.

Силерге суроо:

Жамийла туура чечим кабыл алдыбы же адаштыбы?

Ушу суроонун негизинде экитопко бөлүнөбуз:

“Сейит” “Садык”

А) Жамийла ким эле,эсибизге түшуруп алалык .

1) Текст менен иштөөнүн кадамдары:

* Текст фрагменттерге бөлүнүп ,окуучулардын ар бирине таратылып берилет.

* Окуучулар тексттин бөлүктөрүн окуп чыгышат.

* Жаңы сөздөрдү доскага жазышат.

* Бир топ экинчи топтун сөздөрүн которууга аракет кылышат.

*Жаңы сөздөрдү сөздүгүнө көчүрүшөт.

* Маанисин орусча которуп айтып беришет.

* Ар бир топ үчтөн суроо түзүшөт.

* Текст боюнча Жамийланы сүрөттөп беришет.

Б) Эми балдар, текстен алган маалыматыңар боюнча ,өз алдыңарча окуганыңар боюнча,көркөм_фильм боюнча “Инсанды аныктоо_баракчасын” толтурасыңар.

Жамийла

| Мен бул адам жөнүндө эмне билем? | Кандай маалымат алдым? | |
|---|---|---|
| | Тексттен | Көркөм фильм боюнча |
| Сырткы көрүнүшү | | |
| Мүнөзү | | |
| Сапаты | | |
| Башка адамдар менен болгон мамилеси: | | |

В) Эми эмне үчүн Жамийланы колдойм?

Эмне үчүн Жамийланы колдобойм? Деген суроонун тегерегинде_талкуу жүргүзөлүк.

- Эми балдар, баарыңардын оюңар баалуу ,ар бириңер өз оюңарды билдирүүгө укуктуусуңар.

Жалпылоо: Эми жалпыңарга суроо:

- Сүйүү деген эмне?
- Анын кандай түрлөрү бар экен ?
- Жамийланын сүйүүсү кандай сүйүү экен?
- 2012-жыл өлкөбүздө эмненин жылы деп жарыяланды эле?

-Демек,үй-бүлөнү бекем ,бузулбас кылып кура билүүдө сүйүүнүн ролу чоң экен ээ ?

Силер да келечекте үй-бүлөө күтөсүңөр ,силердин туура чечим кабыл алышыңарга чыгарманын каармандарынын тагдыры чоң сабак болот го деп ойлоймун.

Бул чыгармага биринчилерден болуп улуу француз жазуучусу Луи Арагон мындай баа берген:

“Жамийла –дүйнөдөгү махабат жөнүндөгү эң сонун баян”

Чындыгында,буга чейин чыгыш адабиятында аялдын образын Чыңгыз Айтматовдой  ачкан жазуучу болгон эмес.

Баалоо: Окуучулар активдүүлүгүнө жараша,ой-жүгүртүүлөрүнө жараша ,тырышчаактыгына жараша бааланышат.

Үйгө тапшырма берүү: Эссе жазып келүү.

Эгер мен Жамийланын оордунда болсом...

Эгер мен Садык болсом...